**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин окуу-тарбия иштеринин анализи**

**2021-2022-окуу жылы**

2021-2022-окуу жылында мектепте 12 класс-комплект болду.
Окуучулардын саны-239

I баскычтагы окуучулардын саны-96

II баскычтагы окуучулардын саны-113

III баскычтагы окуучулардын саны-30

Мектепте 17 мугалим эмгектенет. Булардын ичинен 1 соцпедагог, 1 китепканачы бар.

Мектептин администрациясы

Мектептин директору – Мамырканова Гүлнүра Кеңешбековна

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары – Намазбекова Айгуль Бейшебаевна

**Мектептин иштөө режими**

**1-смена: 5-11-класстар 8:00-13:00 гө чейин**

**2-смена: 1-4-класстар 13:15-18:00 гө чейин**

**Мектептин дареги**: Сокулук району Чоң-Жар айылы Проектируемая көчөсү номери жок

**Мектептин проблемасы: "Окуучуларды инсанга багыттап окутуп тарбиялоо"**

2020-2021- окуу жылына карата мектеп Кыргыз республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 1-11 класстары үчүн Кыргыз Республикасынын билим жана илим Министрлиги тарабынан 5-июль 2011-жылдагы №492/1 приказынын негизинде эксперименталдык окуу планы менен иштөөдө.

**Милдеттери:**

1)Окуучулардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн ырааттуу түрдө окуп үйрөнүү менен окутуп тарбиялоону оптималдаштыруу;

2) Билим берүүдө сабактын технологиясын туура тандоо;

3) Билим берүүнүн усулдарын жана жолдорун мурдагы салттарга таянуу менен улам жаңылоо;

4) Мугалим менен окуучунун өз ара байланышынын жаңы тибин калыптандыруу, инсанда чыгармачыл башталышты пайда кылуу;

5) Сабактын жаңы структураларын изилдөө жана окутуу жолдорунун башка формаларын инсанды окутуп, тарбиялоого моделдештирүү;

6) материалдык-техникалык базаны чыңдоо;


7) Тарбиялоодо демократияны жана гуманизацияны турмушка ашыруу, окуучуга гуманизациялык тарбия берүү, аны адамгерчиликке, боорукердикке, маданияттуулукка, ак ниеттүүлүккө тарбиялоо;

8) Билимдүүлүгү, инсандык касиеттүүлүгү жетилген, коомго пайдалуу чыгармачыл адамды тарбиялап чыгаруу;


9) Ата-энелер менен бирдикте иш алып баруу.

### Мектептеги мугалимдер жамааты:


**Жашы (сан менен)**




**Билими (сан менен)**




**Педагогикалык стажы (жыл менен)**



**Кадрар боюнча жалпы маалымат**

| № | Аталышы | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдердин жалпы саны/ аялдар | 17/16 | 17/16 | 16/2 | 18/2 |
| 2 | Жогорку билимдүү | 16 | 16 | 14 | 16 |
| 3 | Жогорку бүтпөгөн билимдүү | - | - | 1 | 2 |
| 4 | Орто кесиптик билимдүү | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 5 | Бакалавр | 1 | 1 | 1 | - |
| 6 | Магистратура | - | - | - | - |
| 7 | Пенсия курагындагы мугалимдер | - | - | - | - |
| 8 | Аспирантура | - | - | - | - |
| 9 | Жаш адис | - | - | - | - |

Сабак берүүдө мугалимдер педагогикалык чыгармачылыгын методикалык жактан өнүктүрүүдө. Мугалимдер өз убагында билимин жогорулатуудан өтүп турушат. Райондук пландуу семинарларга, ар түрдүү долбоорлорго үзгүлтүксүз катышып турушат, мындан сырткары келген долбоорлорго катышууда.

| К/№ | Мугалимдин аты-жөнү | предмети | Курстан өткөн жылы | Кайсы жылы өтүш керек |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ашыбаева Ч.Б. | Физика,информ | 2015 | 2021 |
| 2 | Джаманкулова С.А. | Кыргыз тили | 2020 | 2025 |
| 3 | Джусупбеков Б.А. | Дене тарбия | 2022 | 2025 |
| 4 | Дюшенбаева С.Э. | Башт класс | 2021 | 2024 |
| 5 | Жонгучкаева Ж.М. | Башт класс | 2018 | 2023 |
| 6 | Карыпбаева Г.Б. | Чет тили | 2020 | 2023 |
| 7 | Көчөрбаева Г.А. | Технол | 2020 | 2023 |
| 8 | Мамырканова Г.К. | Орус тили | 2023 | 2026 |
| 9 | Намазбекова А.Б. | Математика | 2023 | 2026 |
| 10 | Насымбекова А.Н. | Биология | 2023 | 2026 |
| 11 | Өскөнова З.Ө. | Орус тили | 2019 | 2023 |
| 12 | Өмүралиева А.Б. | Башт класс | 2019 | 2024 |
| 13 | Сагыналиева Н.А. | Башт класс | 2023 | 2026 |
| 14 | Шакулов К.Дж. | Матем, дене тарбия | 2019 | 2023 |
| 15 | Шаршенкулова Н. | Башталгыч класс | 2015 | 2023 |
| 16 | Шүкүрбаева А.Н. | Тарых | - | 2023 |
| 17 | Эшимбекова А.К. | Кыргыз тили | 2019 | 2023 |
| 18 | Эдилова Б.Э. | Башт класс | 2019 | 2024 |
| | | | | |

Ар бир окуу жылында мектептин 30% мугалимдери билимин өркүндөтүү курстарына ийгиликтүү окуп, билимдерин жогорулатуунун үстүндө. Азыркы учурда эки мугалим сөзсүз түрдө билимин өркүндөтүшү керек.

Мектептеги ички көзөмөл жыл бою төмөндөгүдөй багытта жүргүзүлүп жүргүзүлүп турду: документация жүргүзүү, сабактардын өтүлүшү, окуу программасынын аткарылышы, ЖМА жана ОРТ га даярдык көрүү, окуучулардын жетишүүсү жана катышуусу, зээндүү окуучулар менен, жетише албай жаткан окуучулар менен иш жүргүзүү. Көзөмөлдүн жыйынтыктары мониторинг түрүндө, чейрек, жылдык түрүндө жыйынтыкталды. Көзөмөлдүн жыйынтыктары окуу бөлүмүнүн башчысы, УБнин башчысы тарабынан тактама түрүндө жазылып, директор алдындагы, УКтин,УБнин, отурумдарында каралды.

Окуучулардын сабакка катышуусу, контингенттин сакталышы тарбия иштеринин уюштуруучусу, соцпедагог тарабынан көзөмөлгө алынып турат.

Мектептин ички көзөмөлү пландуу түрдө өткөрүлүп турат. Окуучулардын күндөлүктөрү, дептерлери, класстык журналдар, класстык-жалпылоочу, предметтик текшерүүлөр системалуу түрдө өткөрүлүп турду. Административдик текшерүү үчүн срез математика, орус тили, кыргыз тили, физика сабактарынан алынышы, башталгыч класстардын техникалык окуусун текшерүү калыптанып, кетирилген көйгөйлөр өз убагында айтылып, өз убагында четтетилип турду.

| № | Класс | Класстык-жалпылоочу | Предметтик-жалпылоочу | Системалуу | Бир жолу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-класс | Ортоңку баскычка адаптация болуусу | Математика, кыргыз тили сабактарынан PIZA катышуусу үчүн | Ар бир предметте жетишүү, катышуусу, мугалим менен көнүгүүсү | | |
| 2 | 1-класс | Мектепке адаптация болуусу | | Мектепке, коллективге, мугалимге көнүгүүсүн | | |
| 3 | 11-класс | | Математика, кыргыз тили сабагынын берилишин | Биринчи, экинчи чейректеги жетишүүсү | Профор-иентация | |
| 4 | 9-класс | | Тарых сабагынын берилишин көзөмөлдөө | Ар дайым | Мектеп олимпиа-дасы тууралуу | |
| 5 | 4-класс | | Окуучулардын окуганын түшүнгөнүн айтып бере алуусу | Административдик срез алуу | | |


Февраль айында мектептеги класс кабинеттердин кароосу болуп өттү. Бул көзөмөлдүн негизги максаты – методикалык-дидактикалык көрсөтмөлүүлүк базасынын толукталышы. Ар бир чейректин аягында мугалимдер менен окуу стандарттары, окуу программалары тууралуу аңгемелешүү өткөрүлүп турду.

## 2021-2022-окуу жылындагы жылдык жыйынтыгы


| Окуу жылы | Класстар | Жылдын башында | Жылдын аягында | Келгени | Кеткени | Эң жакшы | Жакшы | Жетишпегени | Аттест | Билим сап % | Жетишүүсү % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2021-2022 | I-IV | 96 | 95 | 3 | 4 | 15 | 22 | - | - | 40 | 100 |
| | V-IX | 113 | 113 | 9 | 9 | 9 | 25 | - | - | 31 | 100 |
| | X-XI | 30 | 24 | 2 | 8 | - | 13 | - | - | 54 | 100 |
| | Мектеп б-ча | 239 | 232 | 14 | 21 | 24 | 60 | - | - | 43 | 100 |




**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы класстар боюнча жетишүү мониторинги**



**Предметтер боюнча жетишүү мониторинги 2021-2022-окуу жылы**




2021-2022-окуу жылынын жыл ичинде мектепте 339 окуучу окуду, анын ичинен 128 эркек бала 111 кыз. Жыл ичинде келгени 14, кеткени 21.


Улуту кыргыз.

“Эң жакшы” деген баага окугандар 24, “Эң жакшы жана жакшы” деген баага окугандардын саны – 60, Жетишүү проценти 100%, билим сапаты 43%. 2020-2021-окуу жылы менен салыштыра турган болсок, билим сапаты 2%ке жогорулаган.

2021-2022-окуу жылында аттестация болбогону жок, жетишпеген окуучу жок.

Билим сапаты боюнча жакшы көрсөткүчтү көрсөткөн класстар: 3-класс (62%), 11-класс (60%).Буга салыштырмалуу төмөнкү көрсөткүчтү көрсөткөндөр: 9-класс (24%), 10-класс (26%). Директор алдындагы, УК, УБ кеңешмелерде, педагогикалык кеңешмелерде мектеп программасынын аткарылышы, иштин мазмуну, окуу стандартынын окулушунун жыйынтыгы мектептеги кемчиликтерди четтеттүү максатында системалык түрдө көзөмөлгө алынды. Окуу процесси окуу планы менен гана жүргүзүлөт. Мектеп беш күндүк режим менен окутулду. Жазуу иштери программалык минимумдардын негизинде жүргүзүлдү.

**Окуучулардын үч жыл ичиндеги кыймылы, б.а. келген, кеткени тууралуу салыштырмалуу маалымат**




Бул салыштырмалуу кыймылдын мониторингинде көрсөтүлүп тургандай окуучулардын саны жылдан жылга көбөйүп жатканы байкалууда. Ошону менен катар балдардын келип, кетүүсү да байкалат.

Окуучулардын кыймылы негизинен төмөндөгүдөй себептерге байланыштуу: Ички миграциянын өсүшү менен шаардык, райондук, республикалык билим берүү уюмдарынан келип, кетүү кыймылы жүрүп турат. Ар кандай социалдык шарттарына байланыштуу жана айылдын чет жактарынын тегерегинде дачалар жайгашкандыктан келип, кетүү тез-тез өзгөрүп турат.

Жыл бою мектептеги педагогикалык жамааттын тынбай иштөөсүнүн натыйжасында сабактардан үзгүлтүк болгон предмет болгон жок. Өтүлбөгөн предмет болгон жок, баардык предмет өтүлдү. Администрация, мугалимдер өз ара сабакка катышып турду. Бул сабакка катышуунун себеби: сабактарда колдонулган өзгөчө формадагы ыкмаларды жана методдорду үйрөнүү же жайылтуу; Маалыматтык-коммуникативдик ыкмаларды колдоно билүү; сабактын койгон талаптарын туура, өз убагында колдоно билүүнү камтыды

Маалымат-коммуникациялык технологияларды билүүдө мугалимдерде жогорудагыдай жыйынтыкты көргөздү.

Сабактарга катышуунун жыйынтыгында мугалимдер учураган кыйынчылыктар болуп төмөндөгүлөр  байкалды: сабактагы кырдаалды, убакытты эске албай калышы, сабактын темпин, окуучулардын жөндөмүн байкабай калышы, окуучуларга мотивация берүүсү кээ бир жаш мугалимдерде байкалды.Үй тапшырмасы дифференциалдык мүнөздө берилбей калган, информациялык технологияларды колдонуу болбогон учурлар байкалды жана төмөндөгүдөй сунуштар айтылды: Кийинки окуу жылында толугу менен информациялык-коммуникативдик технологияларды пайдалануу, өзгөчөлөнгөн мыкты жетишкен окуучулар менен, ошондой эле жетише албай жаткан окуучулар менен иштешүү.

Ошол эле учурда жогорку таблицада көрсөтүлүп тургандай мугалимдердин дээрлик 80-90%ы информациялык-технологияларды сабактарда жогорку деңгээлде пайдалана алышат.

**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин сабактарды өтүүдө жана окуучулардын билимин баалоодо маалымат-**
**коммуникациялык технология жана маалымат-коммуникациялык маалыматтар пайдаланылган предметтердин тизмеси**
**2021-2022-окуу жылы**


| **Предмет** | **Класс** | **Окутуучунун аты-жөнү** | **Пайдаланылуучу маалымат-коммуникациялар технологиясы жана маалымат-коммуникациялык маалыматтар** | **Пайдалануу жыштыгы** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Сейрек** | **Кээде** | **Дайыма** |
| Кыргыз тили | 2 | Сагыналиева Н.А. | Проектор, WhatsApp | | + | |
| | 3 | Өмүралиева А.Б. | WhatsApp | | | + |
| | 4 | Дюшенбаева С.Э. | Проектор, интернет , Зипгрейт | | | + |
| | 5,7,9-а, 11 | Эшимбекова А.К. | WhatsApp, интернет | + | | |
| | 6,8,9-б, 11 | Джаманкулова С.А. | WhatsApp, интернет | | + | |
| Математика | 5,7,8,9-б | Намазбекова А.Б. | Проектор, интернет, WhatsApp | | + | |
| | 6,9-а | Шакулов К.Дж. | Проектор, интернет | | + | |
| Физика | 7-9 | Ашыбаева Ч.Б. | WhatsApp, интернет | | + | |
| Химия | 8-11 | Насымбекова А.Н. | Проектор, интернет | | + | |
| Биология | 6-11 | Насымбекова А.Н. | Проектор, интернет | | + | |
| Орус тили | 6-11 | Өскөнова З.Ө. | WhatsApp, интернет | | + | |
| Орус тили | 1-5 | Мамырканова Г.К. | WhatsApp | + | | |
| Музыка | 5-7 | Көчөрбаева Г.А. | Телевизор, проектор, WhatsApp, интернет | | + | |
| Информатика | 5-9 | Шакулов К.Дж. | Компьютер, проектор | | | + |
| Мекен таануу | 1 | Жонгучкаева Ж.М. | WhatsApp, интернет | | + | |
| | 2 | Сагыналиева Н.А. | WhatsApp, интернет | | + | |
| | 3 | Өмуралиева А.Б. | WhatsApp, интернет | | + | |
| | 4 | Дюшенбаева С.Э. | Проектор, интернет | | + | |
| Англис тили | 3-11 | Карыпбаева Г.Б. | Проектор, интернет | | + | |
| | | | | | | |
| | | | | 2 | 14 | 3 |
| | | | | | | |

Жогоруда көрсөтүлгөндөй мектепте эмгектенген мугалимдердин 80-90% ы жаңы санарип технологиялардын бир нече түрүн өздөштүрүүгө жетише алышты. Аралыктан окутууга чейин мугалимдердин 60%ы жаңы санарип технологияларын өздөштүрүүнүн үстүндө эмгектеништи. Айта кетсек, “Кахут” платформасы, “Зипгрейд” программасы, “Мой тест” платформасы, Онлайн тесттердин түрлөрүн түзүү, мобилдик телефондордун мүмкүнчүлүктөрүн сабак учурунда колдонууну үйрөнүштү.

**Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы (мындан ары ЖРТ)**


| Акыркы үч окуу жылында | 2020-2021- окуу жылы (%) | 2021-2022-окуу жылы (%) |
|---|---|---|
| ЖРТга катышкан окуучулардын үлүшү | 54% | 100% |
| Бүтүрүүчүлөрдүн орточо алган баллы | 110балл | 118 балл |
| 110 баллдан жогору алган бүтүрүүчүлөрдүн үлүшү | 56% | 58% |
| Бүтүрүүчүлөрдүн саны | 14 | 12 |
| Окуу жайларга өткөн окуучулардын саны (ССУЗ, ВУЗ) | 14 | 12 |

**ЖРТ (орточо баллы)**



| Жал | Окуу жылы | Тестке катышкандардын саны | Катышкандардын саны боюнча тест упайларынын орточо көрсөткүчү | КР ЖОЖдорундагы контракттык орундарга кабыл алынгандардын саны | КР ЖОЖдорундагы гранттык орундарга кабыл алынгандардын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2020-2021 | 9 | 110 | 3 | 1 |
| 2 | 2021-2022 | 12 | 119 | 7 | 3 |

**Жогорку баллдар**




2020-2021-окуу жылына караганда бүтүрүүчүлөрдүн ЖРТсынын салыштырмалуу мониторингинде көрсөтүлгөндөй ар бир жылда бир аз болсо да жылыш бар. Жалпы республикалык тестирлөөгө (ЖРТ) катышкан окуучулардын ата-энесинин мүмкүнчүлүгү бар ата-энелер “Секом”, “Нова” сыяктуу тестирлөөгө даярдоо курстарына даярдоого жөнөтүштү. Ошол окуучулардын алды жогорку балл алды.

- 2020-2021-окуу жылдарында бүтүрүүчүлөрдүн ЖРТдан алган баллдары ар кандай, бирок ошондой болсо да уламдан-улам жогорку баллды алууга жетиштик. 2020-2021-окуу жылында жогорку балл 139 балл болсо, 2020-2021-окуу жылында жогорку көрсөткүч 159 балл болду. Бул өсүшкө мектеп жамааты, ата-энелер жана окуучулардын билим алууга кызыктардыгынын жыйындысы десек болот. Себеби ЖРТ аркылуу балдардын келечекте жогорку окуу жайга өз күчтөрү менен тапшырууга болорунун далилдеп, окуучуларды ынандыруу менен ийгиликке жетишилди.

- Алдыдагы окуу жылдарында да окуучулардын билим сапаттарынын жыйынтыгы менен ЖРТдан жогорку балл алууга аракеттер көрүлүп жатат.

Мектепте үч методикалык бирикме иш алып барат. Алар: 1.Математика,табигый илимдер, дене тарбия жана көркөм-эстетикалык бирикме. Бул бирикмеде алты мугалим эмгектенет.
2. Усулдук бирикме гуманитардык багыттагы усулдук бирикме. Бул бирикмеде да алты мугалим эмгектенет.
3.Усулдук бирикме башталгыч класстардын усулдук бирикмеси. Мында төрт мугалим эмгектенет.

Ар бир усулдук бирикменин кеңешмеде жылдык, айлык пландары талкууланып, бекитилген. Усулдук бирикменин жетекчилери да бекитилген. Ар бир усулдук бирикменин усулдук кеңешмеси өз убагында өткөрүлүп турду. Ошондой эле айлык декадалар да өз убагында өткөрүлдү.

Мектепте билим берүүдө окуучулардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн ырааттуу түрдө окуп үйрөнүү менен окутуп тарбиялоону оптималдаштырууда предметтик мугалимдер, кружок жетекчилери окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар бир педагог окуучуга аяр мамиле түзө билди. Зээндүү окуучулар менен иштөөдө окуучунун кайсы предметке, же кандайдыр бир окуучунун шыгына жараша пландар түзүлүп, иштөө жүргүзүлдү.

Жаш адистерге кесиптик такшалуу жаатында көмөк көрсөтүү, мектеп маданиятына көнүктүрүү, жаш адистин педагогикалык дилгирлигин ойготуу, кесиптик өсүшүн камсыздоо, тапшырылган милдеттерди сапаттуу жана өз алдынча аткаруу жөндөмүн көнүктүрүү максатында насаатчылар дайындалып келет. Насаатчы менен жаш адистин биргелешкен планы түзүлүп, бекиттирилет. Жаш адис насаатчы тарабынан журнал тотурууну, календарлык планды түзүүнү, предмет боюнча окуучуларга баа коюу эрежелерин, жат жазууларды туура алуу, туура баалоо нормативдерин, сабактын иштелмелерин туура жазууга, жумушчу дептерлерди туура текшерип, туура бааланышын жана чейректин жыйынтыгы менен отчет түзүүнү үйрөтүүнүн үстүндө иш алып барышты.

**Төмөнкү усулдук иштер аткарылды:**

- Сабактарда инсанга багытталган билим берүүнү технология менен айкалыштырууну иштеп чыгуу
- Ачык сабактарды иштеп чыгуу жана өткөрүү
- Жаңы билим берүү технологияларын үйрөнүү
- Жаңы билим берүү технологияларын ишке ашыруу
- Класстан тышкаркы иштерди өткөрүү жаңы билим берүү методдорун жана формаларын киргизүү
- Окуучунун деңгээлине жараша билимдин сапатын баалоо боюнча материалдарды иштеп чыгуу
- Окуучулардын ашыкча жүктөрүн азайтуунун жолдорун издөө
- Окутууда саламаттыкты сактоочу технологияларды үйрөнүү
- Методикалык бирикменин мугалимдери тарабынан методикалык копилканы түзүү
- Мугалимдердин методикалык иштелмелеринин көргөзмөсүн уюштуруу
- УБ мугалимдеринин чыгармачыл отчётторун өткөрүү жана уюштуруу

Сабак берүүдө мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгын методикалык жактан өнүктүрүүдө ар бир предметтик мугалим ар тараптан изденүүдө.. Алып айтсак мектеп онлайн сабак берүү учурунда ар бир мугалимдин иштеп, изденип жаткандыгы көрүндү. Башталгыч класстарынын мугалимдери “Окуу керемет” программасы боюнча билимин жогорулатуудан өтүшүүдө. Бул мугалимдер (Дюшенбаева С.Э.,Сагыналиева Н.А., Эдилова Б.Э., Өмүралиева А.Б.) билимин жогорулатуу курсунда  башталгы класстарга тиешелүү көптөгөн жаңы ыкмаларды, билим берүүнүн усулдарынын жана жолдорунун жаңы жолдорун үйрөнүшүүдө Бул тууралуу мектептин педагогикалык кеңешмесинде Дюшенбаева С.Э.  билидирүү жасады. Ошондой эле китепканачы Көчөрбаева Г.А. да мугалимдердин билими, баалоосу тууралуу да үйрөнгөнүн ортого салды.Мугалимдер жамаатында сабактарды жаңы инновациялык метод менен улуттук колориттин негизинде өтүп, өзүнүн предметине кызыктыра алган мугалимдерибиз да жок эмес. Усулдук бирикмелердеги ачык сабактардын бардыгында окуучуларды предметке кызыктыруу, сабактын эффективдүүлүгүн арттыруу максатында мультимедиялык технологиянын элементтери, оюн технологиясын, коллективдүү окутуунун ыкмасын, аңгемелешүү, проблемалык-изилдөөчү технологияларын, мааалымат алып чечим кабыл ала турган сынчыл ой-жүгүртүүнү өстүрүү программасынын стратегиялык ыкмалары колдонулду (мээге чабуулу, Венндин диаграммасы, синквейн, кластер, жуп менен, топ менен иштөө, окуп түшүнүү, БББ таблиасы ж.б.окуучуардын ишмердүүлүгүн активдештире алышты. Бардык ачык сабактарда материалды берүүдө, окуучулардын алган билимин текшерүүдө, техникалык каражаттар колдонулду. Долбоорлор (“Окуу керемет”) окуучулардын окуу жөндөмүн өркүндөтүүгө багытталган. Долбоорлор бир гана  сабактагы көндүмдөрдө гана эмес бардык сабактарда да системалуу колдонсо боло тургандыгы окуучулардын сабакка активдүү катышып, берген жоопторунан байкоого болот. Бул долбоордогу айрым көнүгүүлөрдү эң кызыгуу менен кабыл алышууда. Бул долбоордо окуучулардын коммуникативдик ишмердүүлүгү дискуссиялык мүнөздө болуп, алардын ой жүгүртүүгө, сөз байлыгын арттырууга стимул боло алды.

“Окуу үчүн убакыт” иш-чарасы да ийгиликтүү өтүп жатат. Ар бир класстын ата-энелери графиктин негизинде бир жумада бир жолу келип, өзүлөрү сатып келген китептерди окуп берип жатышат. Көбүнчө аталардын келишин суранып жатабыз.  “ Бир үй-бүлө, бир китеп” акциясынын негизинде китептерин мектепке белекке берип жатышат.

**Окуу-тарбия иштеринин анализдеринин негизинде  анализдин матрицасы**

| **Мектептин күчтүү жагы** | **Начар жактары** |
|---|---|
| 1. Коллективдин ынтымактуулугу;<br>2. Мугалимдерди жана окуучуларды кошумча сабак катары компьютердик билим деңгээлин көтөрүү;<br>3. Инвестиция тартуу, донорлор менен иш алып баруу;<br>4. Таланттуу окуучулар менен иш алып баруу; | 1.Окуучулардын санынын аздыгы;<br>2.Областтык, республикалык олимпиадаларда жакшы жыйынтык бере албаганыбызда.<br>3.Спонсорлордунжоктугу<br>4.Ата-энелердин мектеп менен байланышынын жоктугу<br>5.Окуучулардын сабакка көңүл кош боолуусу, жоопкерчиликти сезбеши |
| **Кандай мүмкүнчүлүктөргө ээбиз** | **Мектепте кандай коркунучтар бар** |

| | |
|---|---|
| 1.Сабактан жетише албай жаткан окуучулар менен иш алып барууга;<br>2.Семинарга стандарттуу эмес ыкмалар менен жана башталгыч класстар боюнча жаңы ыкмада сабак өтүп бере алууга;<br>3.Окуучуларды олимпиадага даярдоого;<br>4.Окуучулар менен жекече иш алып барууга; | 1.Сааттардын жылдан-жылга кыскарышы;<br>2.Жакырчылыктын өкүм сүрүшү;<br>3.Мектептке ата-энелердин жакындан жардам бербөөсү;<br>4.Ата-эненин мектеп менен байланышынын жоктугу;<br>5.Компьютердин жетишсиздиги, айыл аймагында интернет байланышынын начардыгы; |

**2022-2023-окуу жылга алган милдеттер:**

1.Окутуунун негизинде окуу-тарбия процессинде стандарттуу эмес жана башталгыч класстарда жаңы ыкмаларды колдонуу менен формативдик баалоону ишке ашыруу, бардык сабактардан окуучулардын билим сапатын 2%га жогорулатуу. Окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

2.Алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдердин иш тажрыйбасы астында мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга шарт түзүү. Профессионалдуулугун арттыруу максатында жаш мугалимдерге усулдук жардамдарды берүү иш тажрыйбаларын жайылтуу.

3.Окуучуларды нравалык маданиятка, патриоттуулукка, кыргыз элинин каада-салттарын пайдаланып тарбия берүүгө жетишүү.Тарбиялык жана класстан тышкаркы иштерди ар тараптан жайылтуу.

4.Мектептин материалдык базасын жана китепкана менен окуучунун ортосундагы байланышты чыңдоожана окуучулардын окууга болгон кызыкчылыгын жандандыруу менен терең билим алууга өбөлгө түзүү;

5.Ата-энелер менен байланышты күчөтүү жана коомчулук менен иш алып баруу, аларды тарбия ишине тартуу, балдарга болгон жоопкерчилигин арттыруужана жакындан жардам берүүгө донорлорду издөө.

6.2022-2023-жылга карата билим берүү системасында 6-класстардын окуучуларын PIZAга даярдоодо системалык түрдө мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын мындан дагы жакшыртуу.

7.Мектеп ичинде үзгүлтүксүз билим алуу үчүн шарттарды, жылуулукту түзүп берүү.

8.Мектеп жашына чейинки балдарды окууга тартуу .